## БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ

## ОБРАЗОВАНИЕ И ИННОВАЦИИ

## EDUCATION AND INNOVATION

***Мамытов Абакир Мамытович***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор***
***Президент***
***Кыргыз билим берүү академиясы***

# ДЕНЕ ТАРБИЯ ПРОЦЕССИНДЕ ОКУУЧУ ЖАШТАРДЫ АДЕПКЕ ТАРБИЯЛООНУН ОЛУТТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Мамытов Абакир Мамытович***
***доктор педагогических наук, профессор***
***Президент***
***Кыргызская академия образования***

# АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ НРАВСТВЕННОГО ВОСПИТАНИЯ УЧАЩЕЙСЯ МОЛОДЕЖИ В ПРОЦЕССЕ ИХ ФИЗИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ

***Mamytov Abakir Mamytovich***
***Doctor of Pedagogical Sciences, professor***
***The president***
***Kyrgyz Academy of Education***

# ACTUAL QUESTIONS OF MORAL EDUCATION OF STUDENT YOUTH IN THE PROCESS OF THEIR PHYSICAL EDUCATION

***Аннотация:*** *Макалада мектеп окуучуларын дене тарбия процессинде адепке тарбиялоонун максаты, милдеттери, каражаттары, ыкмалары жана тарбиянын бул түрүн уюштуруудагы негизги талаптарга мезгилдин чакырыктарын эске алуу менен мүнөздөмө берилет. Өзгөчө басым рынок шартына, ага байланышкан баалуулуктардын өзгөрүшүнө жана мугалимдердин тийиштүү иш-аракетин уюштурууга жасалат.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются вопросы формирования цели, определения задач, подбора средств и методов, а также формулирования требований нравственного воспитания учащейся молодежи на основе вызовов современного общества. Особый акцент сделан на организацию деятельности учителей физической культуры с учетом обновления общественно значимых ценностей и перехода на рыночные отношения.*

***Annotation:*** *The article deals with the formation of the goal, the definition of tasks, the selection of tools and methods, as well as the formulation of the requirements for moral education of students in the youth on the basis of the challenges of modern society. Particular*

*emphasis is placed on organizing the activity of teachers of physical culture taking into account the renewal of socially significant values and the transition to market relations.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *адептик тарбия берүүнүн мазмуну, адептик тарбия берүүнүн милдеттери, адептик тарбия берүүнүн каражаттары, адептик тарбия берүүнүн ыкмалары, адептик тарбия берүү процессине коюлуучу талаптар, коомдук мааниге ээ болгон баалуулуктар.*

***Ключевые слова:*** *содержание нравственного воспитания, задачи нравственного воспитания, средства нравственного воспитания, методы нравственного воспитания, требования, предъявляемые к процессу нравственного воспитания. Общественно значимые ценности.*

***Key words:*** *the content of moral education, the tasks of moral education, the means of moral education, the methods of moral education, the demands placed on the process of moral education, socially significant values.*

Адептик тарбия берүү адамзат тарыхында жаш муунду турмушка даярдоодо орчундуу орунду ээлейт. Анын мазмуну көп кырдуу келип, түпкүлүгүндө таптык мааниге ээ экендиги бир катар илимий изилдөөлөрдө ынанымдуу далилденген. Ошол себептен түрдүү коомдук-экономикалык формацияларда адептүүлүктүн белгилери жана адепке тарбиялоонун тийиштүү мазмуну калыптанаары заманбап дене тарбия теориясында да баса белгиленет (Н. Шарабакин, 1998, А. Мамытов, 2011). Учурдагы рынок шартын негиз кылып алган постсоветтик жана эгемендүү Кыргызстанда дене тарбия процессине тартылган окуучуларды адепке тарбиялоонун *милдеттерин тактоо* олуттуу маселелердин бирине айланды. Аталган маселелерди чечүү өзгөчөлүктөрүнө токтолуу бул макаланын негизги максаты катары аныкталды.

***Биринчиден,*** дене тарбия процессине тартылган окуучулардын адептик заманбап аң-сезимдерин калыптандырууга умтулуу тийиштүү тарбиянын алгачкы милдети катары таанылып келгени бул проблемаларга арналган теориялык эмгектерден белгилүү (Шамаев Н.К., 2000, Логинов В.В., 2006, Спиридонов М.С., Борисова Т.М., 2012). Бирок коомдук-экономикалык формациянын рынок шарттарына өтүшү постсоветтик өлкөлөрдүн бардыгында, алардын катарында Кыргызстандык окуучу жаштардын адептик аң-сезимдериндеги турмуштук курч сыноолорго, мурда орун алып келген коомдогу баалуулуктардын кескин өзгөрүшүнө дуушар боло баштагандыгын танууга болбой калды. Тилекке каршы, жогоруда аталган проблема акыркы мезгилге чейин биздин өлкөнүн шартында тийиштүү изилдөөлөрдүн предмети боло элек. Болгону мындан бир нече жыл мурда студент-спортсмендерди адептик тарбиялоонун методикасына арналган диссертациялык жумуш корголгон (Курбаналиев А, 2002-ж.). Мезгилдин талабы совет доорунда калыптанган коомдук мамилелерди жана этиканы тактоону, аны жаңы талаптарга карата ыңгайлаштырууну алдыңкы позицияга чыгарды. Коомдо үстөмдүк кыла баштаган моралдык жаңы көз караш ар бир инсандын жеке ийгилигин даңазалоо жолуна түштү. Совет доорунда кадыр-баркка ээ болуп келген интеллигенциянын жана билим берүү кызматкерлеринин ордун акыркы жылдары ишкерлер жана коомдун акчалуу катмарларынын өкүлдөрү ээлей баштады. Кылымдар бою калыптанган, өзгөчө кыргыз элине мүнөздүү болгон түпкүлүктүү баалуулуктарды экинчи позицияга оодарып, тийиштүү аң-сезимдерди калыптандыруунун негиздерин өзгөртө баштагандыгын четке кагуу мүмкүн болбой калды. Мисалы, эч качан алып-сатууга баш оту менен кирип кетпеген, өзгөчө акты сатпайт деген баалуулукту карманган кыргыз эли жеке чарбасында өзү өндүр-

гөн айран сүттү, кымызды сатыкка чыгарып, пайда көрүү жолуна түштү. Соода-сатык процессине мектеп окуучуларынын тартылышы да кадересе көрүнүшкө айланды. Аталган баалуулук күнүмдүк турмуштагы рыноктун талаптарына карама-каршы келип, тескерисинче, баюунун мүмкүнчүлүгү катары таанылды. Мына ушундай жагдайлар адептик заманбап аң-сезимди калыптандырууда жана тарбия берүү процессин мүнөздөөдө теориялык көз караштын өзгөрүлүшүн шарттады.

***Экинчиден,*** дене тарбия процессине тартылган окуучулардын адептик заманбап мамилесин түптөөгө умтулуу милдети да мазмундук өңүттөгү өзгөрүүлөр менен коштоло баштады. Бул милдеттин мазмундук багытын ар бир окуучунун өзүнө, жолдошторуна, айлана-чөйрөгө, коомго, окуган окуу жайына жана жогоруда аталган мамилелердин жыйынтыгы катары окуучулардын Ата Мекенине болгон мекенчил мамилесин түптөөгө буруу менен байланыштуу экендиги белгилүү. Ошол эле учурда мекенчил сезимдердин жана мамилелердин мурдагы доорго карата мазмундук өңүттө кадыресе конкреттүүлүккө ээ болуп, аталган сезимдердин кыргыз элинин эгемендиги, кең пейилдиги жана түпкүлүктүүлүгү түшүнүктөрү менен байланыштырып калыптандыруу проблемалары алдыңкы позицияга чыга баштагандыгын айтуу зарыл. Анткени, СССРдин курамына кирген бардык республикаларда жана ошондой эле Кыргызстанда да улут маселеси өзгөчө контролдо болгону, инсандын өзүн-өзү идентификациялоо жана улутту даңазалоо сезимдери саясий өңүттө басмырланып келгени талашсыз тарыхый факт. Мындай саясий платформаны колдонуу себеби теориялык өңүттөн караганда федеративдүү структурага ээ болгон өлкөлөргө мүнөздүү келээрин жана бир гана СССРде эмес, андан да ашып, инсандын улуттук белгисине көз жумуп аны атуул иретинде гана тааныган АКШнын мисалында даана көрүнүп турат. «Совет эли» деген түшүнүктүн да коомго толук кандуу сиңбей, Союз таркаган соң жок болуп кетиши Кыргыз Республикасында демилгеленип жаткан паспорттун жаңы үлгүсүндө улуттук таандыкты алып коюу сунушу бир топ ойго салат. Биздин оюбузча унитардуу структурага ээ болгон өлкө үчүн улуттук белгини сактап калуу ыңгайлуу жана келечектүү. Ага унитардуу Эстониянын Евросоюзга кирип жатып, өз паспортунан улут белгисин алып коюшу жана бир нече жыл өткөн соң кайрадан кайтарышы, ал эми моноулуттуу Япониянын «Япония япондор үчүн» деген ураанды карманып жашап, мыкты өнүгүүгө жетишиши аталган демилгенин толук кандуу негизделе электигинен кабар берет. Жагдай демилгеленген шартта өнүгүшү мектеп окуучуларынын мекенчил сезимдерин жана мамилелерин түптөөдө тийиштүү проблема жаратаарынан кабар берет. Анткени, ар бир атуул титулдук улуттун атын алып жүргөн өлкөсүн даңазалоого жана улуттук баалуулуктары менен сыймыктанууга мыкты мүмкүнчүлүк алды. Өзгөчө мындай мүмкүнчүлүк мектеп билиминдеги башка предметтерге салыштырмалуу дене тарбия сабактарында жана класстан сырткары уюштурулууучу массалык физкультуралык жана спорттук ишмердүүлүктө объективдүү мүмкүнчүлүктөргө ээ. Себеби, дене тарбия процессинде мыктылардын мыктыларын аныктаган спорттук мелдештер уюштурулуп, ар бир спортсмендин жана күйөрмандардын курч сезимдери жана өзгөчө мамилелери менен коштолот. Мелдешүү иш аракеттери жанын үрөп, жеңишке умтулуу, мындай умтулууну колдоо, кубаттоо, жеңип чыккандар менен сыймыктанып, сый-урмат көрсөтүү кадыресе көрүнүш болгондуктан, ушундай шарттарда орун алган иш аракет ар бир окуучунун өзүнө, жолдошторуна, окуган окуу жайына болгон мамилелерин түптөйт.

***Үчүнчүдөн***, дене тарбия процессинин алкагында ар бир окуучунун заманбап адептик

жүрүм-турумундагы оң тажрыйбаны үйрөнүүгө жана топтоого умтулуу милдети да замандын талабына ылайык тактоону талап кылат. Улуу муундун топтогон оң тажрыйбасы жаш муун үчүн тарбиялык мааниге ээ болот жана аталган милдеттин мазмундук багыты жалпы эле адамзат маданиятына тийиштүү көнүмүш адаттары жана аларга мүнөздүү оң мамилелерди камтышы маанилүү роль ойнойт.

***Төртүнчүдөн,*** дене тарбия процессиндеги адептик тарбия берүүнүн кезектеги милдети адам баласына тийиштүү моралдык-эрктик мүнөздү калыптандыруу менен байланыштуу экендигин белгилейбиз. Теориялык өңүттө дене тарбия процессинде окуучуларга мүнөздүү моралдык-эрктик сапаттарды калыптандырууга кеңири мүмкүнчүлүктөр бар. Башка сабактардан айырмаланып, дене тарбия сабактарында окуучулардын бийик максатка умтулуусун жана туруктуулуктугун түптөө, көктүктү жана өз алдынча болууну калыптандыруу, чечкиндүүлүккө жана эрктүүлүккө үйрөтүү, токтоолукка жана ар кандай ситуацияларда өзүн-өзү кармай билүүгө тарбиялоо мүмкүнчүлүгү абдан жогору. Анткени жогоруда аталган эрк сапаттары дене тарбия жана өзгөчө спорт менен машыгуу жана мелдешке катышуу учурунда кеңири орун алат, объективдүү жана субъективдүү тоскоолдуктарды жеңе билүүгө тарбиялайт. Бирок эске ала турган жагдай дене тарбия мугалимдери жана спорт машыктыруучулары өз окуучуларынын карандай эрк сапаттарын калыптандыруу менен алек болбошу дурус. Тийиштүү педагогикалык процесске мазмундук багыт берип, заманбап моралдык баалуулуктарды кеңири колдонушу шарт экенин эскертебиз. Себеби, криминалдык чөйрөгө аралашып өмүр сүргөн инсандардын эрк сапаттары жетишсиз же төмөн деп айтууга болбойт. Алар карманган көз караштар жана моралдык баалуулуктар таптакыр башка экендиги, аларды окуучуларга далилдүү түшүндүрүү зарыл. Гумандуу коомдо өкүм сүргөн, улуттук нарк-насилдерге негизделген адам баласына мүнөздүү моралдык-эрктик сапаттарды калыптандыруу иш-аракети аталган милдетти ишке ашыруунун өзөгүн түзөт.

Демейде, аталган милдетти ишке ашырууда бийик максатка умтулууга, тартипти бекем сактоого, талаштуу ситуацияларда принципиалдуу позицияны карманууга жана дайыма бийик болууга умтулуу менен байланышкан моралдык-эрктик сапаттарды калыптандыруу, активдүү кыймыл-аракетке жана мелдешүүгө негизделген иш аракеттерди уюштурууда тийиштүү критерийлерди жана талаптарды иштеп чыгууну талап кылат.

Жогоруда мүнөздөлгөн милдеттердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен дене тарбия процессинде окуучуларды адепке тарбиялоонун мазмуну калыптанат. Бул жагдайга коомдо үстөмдүк кылган жүрүм-турум нормалары жана эрежелери түздөн-түз таасир тийгизет. Ошондуктан мамлекет аныктаган расмий идеология, карманган мораль, коомдук мамилелердин мазмунун тескеген мыйзамдар, жалпы билим берүү мазмунун аныктаган мамлекеттик стандарттар, предметтик программалар, билим берүү мекемесинин иш-аракетин аныктаган уставы, окуучулардын расмий таанылган укуктары жана милдеттери, спорттук мелдештердин эрежелери жана иш-аракет этикасы адепке тарбиялоонун мазмунун аныктаган документтердин курамына кирет, аларды мыкты билип үйрөнүү жана ишке ашыруу дене тарбия мугалиминин милдети болуп саналат.

Дене тарбия процессинде окуучуларды адепке тарбиялоо үчүн төмөндөгү каражаттарга басым жасоо учурдун талаптарына жооп берет:

- өздөштүрүү үчүн сунушталган кыймыл-аракеттерге адептик атайын багыт берүү. Бул максатта дене тарбия көнүгүүлөрүн жана мелдешүү кыймыл-аракеттерин адептүүлүк менен аткарууга умтулуу негизги роль ой-

нойт. Мисалы, сабак учурунда уюштурулган эстафеталык жарыштарда утулганды, же болбосо техникалык өңүттө татаалыраак болгон көнүгүүнү үйрөтүү учурунда жакшы ийгилик жарата албаган окуучуларды шылдыңдабоого, кемсинтпөөгө тарбиялоо талаптары бекем сакталышы зарыл;

- педагогикалык процессти уюштурууда жана башкарууда окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша тийиштүү талаптарды иштеп чыгуу жана аларды бекем сактоого умтулуу. Дене тарбия процесси кыймыл-аракеттеги жогорку активдүүлүк менен коштолгондугуна байланыштуу, уюштуруу жана башкаруу менен байланышкан маселелердин так жана түшүнүктүү болушу маанилүү роль ойнойт. Аларды бекем сактоо, сабак учурундагы бардык жагдайды мугалим көз кырынан чыгарбай контролдоп туруу окуучулардын жүрүм-турумунун калыптанышына негиз болот;

- окуучуларды жаңы көнүгүүлөрдү өздөштүрүү учурунда бири-бирин үйрөтүү процессине тартуу. «Билгениңди билбеген окуучуга үйрөтүү», «окуучулардын жетишкен ийгиликтерине бирге кубануу» эрежелерин сактоо психологиялык мааниге ээ жана ушул себептен дене тарбия мугалими бул жагдайды эстен чыгарбашы зарыл;

- мугалимдин жекече өрнөк боло турган жүрүш-турушу. Мугалим коюлуучу талаптардын булагы болуп саналат жана окуучулар тарабынан жетишилген ийгиликтерди баалоо, окуу процессин контролдоо, жалпы жыйынтык чыгаруу менен байланышкан маселелерди чечет. Ошондуктан мугалимдин сабак өтүү, уюштуруу, окутуунун жыйынтыгын чыгаруу жана контролдоо ыкмаларын мыкты билиши маанилүү. Өзгөчө мугалимдин окуучуга карата мамилеси жана талабы объективдүү жана калыс болушу, айткан сөзүнүн орундуу жана кылган жумушу менен шайкеш келиши, жашоодогу үлгүлүү жүрүш-турушу окуучулар үчүн чоң тарбиялык таасир берүүчү касиетке ээ.

Дене тарбия процессинде окуучуларды адепке тарбиялоо максатында төмөндөгү ыкмаларды колдонуу педагогикалык маанисин жогото элек. Алар төмөндөгүлөр:

1. *Ынандыруу ыкмалары.* Бул багытта мугалим тарабынан түшүндүрүү (разъяснение), насаат айтуу (наставление), окуучунун жүрүм-турумун талдоо (анализ поведения учащихся), аңгемелешүү (беседы), адептик маселелерди камтыган лекцияларды окуу, диспуттарды уюштуруу ж.б. кеңири колдонулат.

2. *Практикалык багытта үйрөтүү ыкмалары.* Аталган ыкмаларды негизинен үч этап менен колдонуу маанилүү. Биринчи этапта адептик оң жүрүм-турумга алгачкы ирет үйрөтүү орун алат, экинчи этапта өздөштүрүлгөн оң жүрүм-турумду бекемдөө максатында кайталоо тапшырмалары берилет жана үчүнчү этапта өздөштүрүлгөн оң жүрүм-турумду текшерүү максатында кайталап аткаруу уюштурулат.

3. *Колдоо ыкмалары.* Дене тарбия процессинде окуучулардын жүрүм-турумундагы оң өзгөрүүлөр кубаттоого алынышы маанилүү. Өзгөчө мындай кандайдыр бир бөлүгүндөгү иш-аракетти, же болбосо атайын уюштурулган эстафеталарды өткөрүү учурунда калыс болуу тапшырмасын берүү алардын адептик жоопкерчилигин жогорулатат. Берилген тапшырмаларды мыкты аткарган окуучуларга мезгил-мезгили менен ыраазычылык билдирип туруу жана класстык журналга тийиштүү бааларды коюп туруу мыкты натыйжаларды берет.

4. *Мажбурлоо ыкмалары.* Тилекке каршы, адепке тарбиялоо дайыма эле шыр жүрбөйт, мына ошол себептен тентектик кылган окуучулар үчүн мажбурлоо ыкмаларын колдонууга туура келет. Аталган ыкма негизинен эки багытта - оң жана терс таасир берүү багыттарында колдонулушу мүмкүн. Оң ба-

гыттагы формаларына окуучунун милдети тууралуу эскертүү сунушталса, терс багыттагы формаларына – кыйкыруу, коркутуу, жүрөгүнүн үшүн алуу сымал түрлөрүн кездештирүүгө болот. Бирок мындай ыкмалар балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн, психологиялык абалын эске алып, өзгөчө жоопкерчилик менен колдонулушу зарыл.

5. *Жазалоо ыкмалары.* Мажбурлоо ыкмалары тийиштүү натыйжа бербей калган учурда мугалим жазалоо ыкмаларын колдонууга аргасыз болот. Демейде эскертүү, сөгүш жарыялоо, күндөлүккө тийиштүү жүрүш-турушун сындаган жазууларды жазуу, кээде окуучуну кызыктуу иш-чараларга аралаштырбай коюу, же болбосо спорттук командадан курамынан чыгарып салуу колдонулат. Окуучунун жүрүш-турушун класстык сааттарда сындап, талкуу уюштуруу формалары жакшы натыйжаларды берет.

Дене тарбия процессинин алкагындагы адептик тарбиялоо учурунда бир катар *талаптардын* аткарылышына маани берүү зарыл:

- мамлекеттик идеологияны ишке ашыруу менен байланышкан көз караштты бекем кармануу. Бийик идеяга, жогору максатка умтулууга, өзүңө жана башкаларга талапты катуу, бирок ошол эле учурда, урмат менен мамиле кылууга, тарбия иштерин жүргүзүүдө коллективге таянууга басым жасоо алдыңкы позицияда болушу зарыл;
- өзүн-өзү башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуу. Бул багытта дене тарбия коллективи, окуучулар комитети, мектеп парламенти, ата-энелер комитети, камкорчулар кеңеши сыяктуу өзүн-өзү башкаруу органдарынын компетенцияларынын чегинде адептик проблемалардын түйүндүү маселелери талкууланып турушу зарыл;
- ар бир ыкма адептик тарбияда ар түрдүү натыйжа беришин эске алып, алардын көптөгөн мүмкүнчүлүктөрүн туура колдонуу. Адептик тарбия берүүдө колдонулуучу ар бир ыкма балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн, дүйнө түшүнүмүн жана психологиялык-эмоционалдык абалын эске алуу менен колдонулушу зарыл. Эгерде аталган жагдайлар эске алынбай калса, анда терс натыйжа менен коштолуу коркунучу пайда болот.

Жыйынтыктап айтканда, дене тарбия процессинде адепке тарбиялоо кеңири мазмунга ээ жана окуу-тарбия иш-чараларын уюштурууда милдеттердин так коюлушу жана реалдуу чечилиши, адептик тарбия берүүдө алдыңкы көз караштты кармануу, педагогикалык каражаттардын жана ыкмалардын көп кырдуу экендигин эстен чыгарбоо аркылуу көздөгөн максатына жетет.

**Адабияттар:**


1. Шамаев Н.К. Нравственное развитие школьников в процессе традиционного физического воспитания. -М., 2000.
2. Логинов В.В. Нравственное воспитание младших школьников средствами физической культуры. - Челябинск, 2006.
3. Спиридонов М.С., Борисова Т.М. Духовно-нравственное воспитание старшеклассников средствами физической культуры. - М, 2012.
4. Курбаналиев А. Методика формирования нравственных качеств студента-спортсмена. Автореф. дисс. на соискание ученой степени кандидата пед. наук. -Алматы, 2002.
5. Мамытов А. Дене маданияты теориясы. Жалпы негиздери. Окуу куралы. Бишкек, 2011. -184-б.
6. Мамытов А. Теория спорта. Учебное пособие. Бишкек, 2005. -236 с.